КОМПАНЬОН БАНКЫ

# Компаньон Банкынын Элкарт карталарында овердрафт

Элкарт карталарында овердрафт - бул банктык картанын балансы ноль болгон убакта да акча каржаттарын колдонуу мүмкүнчүлүгү (100 % эмгек акысына чейин). Башкача айтканда, овердрафт - бул керектөөчүү насыясын жазып - каттоосуз насыя каражаттарын алуу мүмкүнчүлүгү.

## Овердрафттын артыкчылыктары:

- эмгек акыны күтпөстөн жана карыз акча албастан, каалаган убакта күтүлбөгөн сатып алууларды жүргүзүү;
- жазып-каттонун жөнөкөй жол-жоболору: Банк менен келишим бир жолу гана түзүлөт, жана овердрафтты көп жолу колдонсо болот;
- эмгек акы эсепке которулгандан кийин карыз автоматтык түрдө төлөнөт жана овердрафтты кайра алса болот.

## Пайдалуу пайыздык чендер:

- **0%** - кызматтар же товарлар үчүн накталай эмес төлөөдө (30 күндүн ичинде);
- **2,17%** - акча каражаттарын накталай алууда (накталай акча алуу учурунан баштап 30 күндүн ичинде). Пайыздар ар бир суммага **өзүнчө эсептелет;**

**Мисалы:** кардар 1 сентябрда овердрафтты колдонуп, 3000 сомду картадан алат, ал эми 5 сентябрда дагы 2000 сом алат. 25 сентябрда эмгек акысы эсепке түшөт жана овердрафт автоматтык түрдө төлөнөт. Бул учурда, ар бир көрсөтүлгөн мезгил үчүн пайыздар ар бир суммага өзүнчө эсептелет: 3000 сомго - 51,29 сом, 2000 сомго - 28.49 сом.

**Пайыздар кардар овердрафтты колдонгон күнү факт түрүндө колдонулган суммага жана ошол күндөр үчүн гана эсептелет.**

## Кепилдик:

- эмгек акыдан 70% чейин - кепилдик талап кылынбайт;
- эмгек акыдан 100% чейин - Уюмдун же ушул Уюмдун 2 кесиптешинин кепилдиги керек.

## Овердрафтты берүү шарттары:

| Мезгил | Мезгил мөөнөтү | Пайыздык чен, жылдык |
|---|---|---|
| **Жеңилдик мезгили** - бул овердрафтты колдонуу күнүнөн башталган отчеттук мезгил. | 30 күн | Товарлар/кызматтар үчүн накталай эмес төлөө - **0%**<br>Накталай акча алуу - **2,17%** (жылдык пайыздык чени - **26%)** |